| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тынымсыз өткөрүлүп турду.<br>Пандемия шартында жогорку класстардын окуучулары сабакты Zoom программасы аркылуу өтүштү жана өтүшүп жатат, ал эми башталгыч класстар үчүн ВОТСАПП (WhatsApp) тиркемеси аркылуу сабактар жүрдү. | |

**Күчтүү жактары:**

✓ Мектептин миссиясын толук ишке ашыруу максатында жакынкы 5 жылга стратегиялык максаттар коюлуп, жетишүүнүн көрсөткүчтөрү чагылдырылып, пландаштырылган. Мониторингдер өз убагында жүргүзүлөт. Окуу жылынын жыйынтыгы менен ар бир аткарылган иштердин, иш чаралардын натыйжасы талкууланып күчтүү жана алсыз жактары аныкталып, чечимдер кабыл алынат жана милдеттер коюлат. Ар бир чечимдердин өз убагында аткарылышы көзөмөлгө алынат.

✓ Түрдүү даярдоолордон өткөн мугалимдер жамааты . Ар кандай окутууларга катышып сертификат-дипломдорду алышкан.

✓ Мектептин базасында ар багыттагы ийримдердин өтүлүшү. Ийримдерде окуучулар дене тарбияны чыңдоодон баштап ар кандай маданий жана социалдык багыттагы билим, өнөр алышат.

✓ Окуучулардын кызыгуусу жана аракети жакшы, бардык окуу- тарбия процесстерине активдүү катышышат.

✓ мугалимдер жана окуучулар тышкы ар кандай конкурстарга активдүү катышуу менен ар түрдүү долбоорлор менен иш алып барышат: ЮСАИД, ЮНИСЕФ, Кыргыз билим берүү академиясы, Кыргыз патенти, СЕКОМ, Рекорд, Мунара билим берүү борборлорунун, "Биздин мектеп-рэкетчиликке каршы" долбоору, DIA фонду "Биз адам сатууга каршыбыз" долбоору, "Лидерликке үйрөтүү" ж.б.

**Алсыз жактары:**

-Окуу китептери менен камсыз кылуу боюнча ата-энелердин кызыкчылыгы жана жоопкерчилигинин аздыгы.
-Стратегиялык планды ишке ашырууда, каржылоо булактарынын жетишсиздиги же өз убагында чечилбей калышы.

**2. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун | Кадр саясаты боюнча мектепте эффективдүү жолдору иштелип чыккан. Жумушка алууда жана бошотууда мектеп жетекчилиги төмөндөгүдөй принциптерге таянып иш алып барат:<br>● Демократиялуулук | 21-тиркеме<br>http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1505.<br>22-тиркеме<br>Эмгек келишими тиркелет. |